# Бишкек техникалык колледжинин педагогикалык кеңешмесинин

## № 04/21жыйынынын протоколу

Бишкек шаары 10.09.2021ж

Төрага- Келебаев.К.К.

Катчы – Отунчиева.Д.А.

Катышкандар : 27

Күн тартиби :

1.2020-2021 окуу жылынын педагогикалык кеңешменин курамын жана иш планын бекитүү
2.2021-2022 окуу жылына карата окуу жүктөмдөрүн окутуучулар арасында болуштүрүү боюнча
3. БТКнын кызматкерлеринин Ковид-19 илдетинен эмдөөнүн журүшү жөнүндө жана эпидемиологиялык абал боюнча
4. Негизги кесиптик билим берүү программасы жөнүндө
5.Жаңы окуу жылга коллеждин даярдыгы жөнүндө маалымат
6. Практикага багытталган дуалдык окутуу системасынын алкагында насаатчылык жобо жөнүндө

Угулду :

Педагогикалык кеңешменин төрагасы Келебаев Касымбек Кеңешович жаңы окуу жылдын башталышы менен куттуктап, жыйынды ачык деп жарыялады.Жыйын офлайн-режиминде өттү. Катышуучуларды кун тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.Күн тартиби бир добуштан жактырылды регламент бекитилди. Педагогикалык кеңешменин курамы бекитилди,жаңы келген Касымов Эркин Таштанович практиканын жетекчиси катары кабыл алынганы тааныштырып өттү. Педагогикалык кеңешмени өткөрүү эки айда бир жолу өткорүүнү добушка алынды,бир жыл ичинде аткарыла турган иш чараларга кененирээк токтоло кетти. Ар бир структуралык болумдордун иш пландарынын тиркемеге ылайык бекитилсин,негиз катары кабыл алынсын.

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүм башчысы Садыкбаев.Н.Т.сөз берилди.

2021-2022 окуу жылына карата окуу жуктөмдөрү боюнча жалпы маалымат берди.Жалпы окуу жүктөмү-33610 саат,бюджет боюнча-16 434,контракт

боюнча-17 176. Жекече ар бир окутуучуга жана көмөкчү төрт окутуучуга да токтолуп бөлуштүрүлгөн сааттары айтылды. Негизинен чоң маселени жаратып жатат вакансия саттар боюнча бюджет-2952с,контракт-3466,жалпы 6418с.Электр менен жабдуу жана Ачык тоо кен иштери адистиктери боюнча.

Үчүнчү маселе боюнча социалдык жана тарбия иштери боюнча болум башчысы Тажибаева.С.С. соз берилди. БТК жамаатында 16 кызматкерлер Ковид-19 эмдөөсүнон өтүштү,6 кызматкер медициналык каршы деген справка алып келишти,2 кызматкер ооруп айыккандарга убакыт керек экен 2айга чейин уруксат жок болгондуктан.Кошумча төрага тараптан Келебаев.К.К. эскертуулор берилди,эмделбеген окутуучулар сабакка киргизилбейт жана окуу процесси башталгандан баштап студенттер арасында тушундуруу иштери жургузулуп эмдоого студенттердин тизмесин даярдоого тапшырма берилди. БТК жамаатынын 70 пайызы эмдөө алгандан кийин окуу процессине уруксат берилиери айтылды. Ар бир студент менен жекече иштоо ,ата энелер арасында тушундуруу иштерин жургузуу азыркы эпидемологиялык абалды эске алуу менен ар ким озунун ден соолугуна кайдыгер мамиле жасобоого аракет жасоо,бул дагы болсо учурдун мезгилдин талабы экенин айтуу. Мезгилдин агымы менен иш алып баруу болуп эсептелинет.

ОИ боюнча директордун орун басары М.М. Долотовду угушту. ӨО боюнча директордун орун басары М. И. Елфимова жана атайын дисциплинаны жетектөөчү окутуучулар биздин бардык адистиктерибиз боюнча Негизги кесиптик билим берүү программаларын (НКББП) иштеп чыгышты. НКББП бөлүмдөрү:

1. Жалпы жоболор
2. НКББПнын адистик боюнча жалпы мүнөздөмөсү __________
3. НКББПнын бүтүрүүчүлөрүнүн адистиги боюнча кесиптик ишинин мүнөздөмөсү ______________________
4. Бүтүрүүчүлөрдүн адистиги боюнча даярдоо деңгээлине коюлуучу талаптар _____________
5. НКББПда окугандардын адистик боюнча өздөштүрүүсүнүн сапатын баалоо системасын ченемдик-методикалык камсыздоо ____________________
6. Адистик боюнча НКББПны ишке ашыруунун шарттары _______________
7. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий жана социалдык-инсандык компетенцияларын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу БТКнын чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү.

НКББПда камтылган : максаттар; бүтүрүүчүгө ыйгарылуучу квалификация; НКББПны өздөштүрүү мөөнөтү; НКББППнын эмгек сыйымдуулугу; бүтүрүүчүгө талаптар; НКББППнын пайдалануучулары; НКББПнын циклдери; бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин чөйрөсү; кесиптик иштин объекттери жана түрлөрү; кесиптик иштин адистиги боюнча жалпы жана кесиптик компетенциялардын тизмеси ( орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына туура келген); дисциплинаны үйрөнгөндөн кийин эмнени билүүгө , эмнени билүүгө жана эмнеге ээ болууга тийиш деген талаптар бар.
Бардык НКББП циклдик комиссиянын отурумунда каралды (№1 протоколу 06.09.2021-ж.) жана иш берүүчүлөр менен макулдашылды.

Жаңы окуу жылга аудиториялардын даярдыгы боюнча Тайлаев.И. маалымат берди. 90% даярдык бар,кабинеттер боюнча өзгөрүүлөр болду,орун алмашуулар. Азыркы учурдагы ремонт иштери санитардык талапка жооп берет.Окутуучулар арасында кабинеттерге керектелүүчү шаймандар боюнча суроо жооптор жаралды. Окуу процесси башталганга чейин ремонт иштерин толуктап ,коридорлордогу оңдоп туздөө иштерин тездетүүнү талап кылынды.

Практикага багытталган дуалдык окутуу системасынын алкагында насаатчылык жобо каралып бекитилди.

Ар бир баяндамачынын ишине суроо жооптор менен талкууланып жыйынтыкталып жатты.Жалпы добуштун негизинде төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

1.2021-2022 окуу жылынын педагогикалык кеңешменин курамы жана иш планы тиркемеге ылайык бекитилсин
2.2021-2022 окуу жылынын окутуучулар арасында окуу жүктөмдөрү бекитилсин
3.Ковид-19 илдетинен каршы эмдөөдөн өткөндөрдү жана ден соолугуна каршы эмделбеген кызматкерлерди козөмөлгө алуу Тажибаевага.С.С.жүктөлсүн.
4. Бардык адистиктер боюнча иштелип чыккан Негизги кесиптик билим берүү программасын бекитүү.
5.2021-2022 жаңы окуу жылына карата аудиториялардын даярдыгына канааттандырарлык деп табылсын.
6. Практикага багытталган дуалдык окутуу системасынын алкагында насаатчылык жобо бекитилсин.

Төрага: К.К.Келебаев.

Катчы: Д.А.Отунчиева.